«Каралды»
ОГПИнин Окумуштуулар кеңеши
Протокол № 3
«21» 01 2019- ж .

«Бекитемин»
ОГПИнин ректору,
п.и.к., профессор Б.Б. Зулуев
«21» 01 2019-ж.

Билимди баалоо системасы

Билимди баалоо системасы ***билим, билгичтик жана көндүмдөр*** түрүндө туюндурулган ***дисциплинанын окутуу натыйжаларынын жана берилген компетенциялардын негизинде*** иштеп чыгылат

Ар бир семестрде студенттердин билими (компетенттүүлүгү) **100 баллдык система** менен бааланат жана ал **үч этапка:** 1-модуль (***М1***), 2-модуль (***М2***), жыйынтыктоочу текшерүү (***ЖТ***) бөлүнөт.

Модулдарда баалоонун максималдык баллы **30 баллга** барабар деп алабыз. Жыйынтыктоочу текшерүүдө билимди текшерүүгө **40 балл** берилет, бирок анын **30 баллы билимди текшерүү** үчүн, ал эми **10 баллы сыйлык балл** катары берилүүсү максатка ылайыктуу болот. Сыйлык балл - жакшы жыйынтыктарды жана активдүүлүктү көрсөткөн студенттерге берилет. Жалпы балл **100 балды** түзөт (4-таблица).

Модулдарда жана жыйынтыктоочу текшерүүдө **босого (пороговый) балл 18 баллга** барабар деп эсептелет, анткени ал **30 баллдын 60%тин** түзөт. ***Эгерде студенттин топтогон баллы 18 баллдан төмөн болсо, анда ал модулду же жыйынтыктоочу баллды кайра тапшыруусу зарыл.***

100 баллдык баалоо системасындагы босого балл 60 ка барабар (1-таблица).

1-таблица. Баллдарды топтоо жолу менен баалоо системасы

Баалоо этаптары	**1-модуль**	**2-модуль**	**Жыйынтык-тоочу текшерүү**	**Колдоо баллы**	**Жалпы балл**
Баллдар	30	30	30	10	100
Босого балл	18	18	18		60

Билимди баалоонун **30 баллдык шкаласы** менен 100 жана 5 баллдык баалоо шкалаларын салыштыруу үчүн 2-таблицаны пайдаланууга болот.

2-таблица. Баллдарды салыштыруу таблицасы

30 баллдык система	**100 баллдык система**	**Тамгалык система**	**Традициялык система**
26 – 30	**87 – 100**	**A**	**Эң жакшы**

24 – 25	**80 – 86**	**B**	**Жакшы**
22 – 23	**74 – 79**	**C**	
20 – 21	**68 – 73**	**Д**	**Канааттандырарлык**
18 – 19	**60 – 67**	**E**	
9 – 17	**31 - 59**	**FX**	**Канааттандырарлык эмес**
0 - 8	**0 - 30**	**F**	

2. Баллдарды топтоонун картасы

Баллдарды топтоонун картасы – сабактардын бардык түрлөрүндөгү жана ар бир учурдагы текшерүү боюнча канча балл (максималдуу) ала тургандыгы жөнүндө студенттерге маалымдала турган информация.

Студенттердин билим деңгээли модулдарда төмөнкүдөй бааланат. 1-модулда эки учурдагы текшерүү (УТ1, УТ2) жана бир аралыктагы текшерүү (АТ1) уюштурулат.

УТ1 текшерүүсү 4-жумада, ал эми УТ2 текшерүүсү 8-жумада уюштурулат, ал эми аралыктагы текшерүү дагы 8-жумада уюштурулат.

УТ1 деп 4-жумага чейин өтүлгөн лекциялык материалдарды өздөштүргөндүгү, аткарылган лабораториялык жана өз алдынча иштер боюнча баалоонун арифметикалык орточосун алабыз.

УТ2 деп сабак башталгандан баштап 4-жумадан 8-жумага чейин өтүлгөн лекциялык материалдарды өздөштүргөндүгү, аткарылган лабораториялык жана өз алдынча иштер боюнча баалоонун арифметикалык орточосун алабыз.

Ведомостко жана журналга УТ1, УТ2 лердин жыйынтыктары коюлат.

8-жумада 1-модулдун материалдары боюнча 1-аралыктагы текшерүү уюштурулат. Мында 1-модулда өтүлгөн лекциялык материалдарды өздөштүргөндүгү, аткарылган лабораториялык жана өз алдынча иштер боюнча баалоонун арифметикалык орточосун алабыз.

1-модулда баалоо учурдагы текшерүүлөрдүн жана 1-аралыктагы текшерүүнүн арифметикалык орточосу менен аныкталат.

2-модулдагы баалоо 1-модулдагы баалоо сыяктуу эле аткарылат.

Жыйынтыктоочу текшерүүдө семестрде ичинде өтүлгөн лекциялык материалдарды өздөштүргөндүгү, аткарылган лабораториялык жана өз алдынча иштер боюнча баалоонун арифметикалык орточосун алабыз.

Ар бир текшерүү процессинде лекциялык материал (**Лек**) - 30 балл, (практикалык лабораториялык, семинардык) материал (**Лаб**) - 30 балл, студенттердин өз алдынча иштери (**СӨАИ**) үчүн берилген материал - 30 балл менен бааланат.

3. Студенттердин билимдерин деңгээлдик тапшырмалар менен

баалоо

Студенттердин билимдерин баалоодо деңгээлдик тапшырмалар методун (Блумдун таксономиясын) колдонууга болот (3-таблица).

3-таблица. Варианттык деңгээлдик тапшырмалар (үлгү)

Деңгээлдер	**Тапшырма-лардын аталыштары**	**Тапшырма-лардын саны**	**Максималдык баллдары**	**5 баллдык системадагы баасы**
1-деңгээл	Билүү, түшүнүү, колдонуу	4 суроо	2 балл	«3»
2-деңгээл	Анализ, синтез	3 суроо	4 балл	«4»
3-деңгээл	Баалоо	2 суроо	5 балл	«5»

Варианттык деңгээлдик тапшырмаларын сурамжылоо сабактан тышкаркы мезгилде **коллоквиум** же **жазма текшерүү иш** катарында уюштурулушу мүмкүн. Бир вариантта 1-деңгээлдеги 4 тапшырма (тест формасында болушу да мүмкүн), 2-деңгээлдеги 3 тапшырма жана 3-деңгээлдеги 2 тапшырма, жалпысынан 9 тапшырма болот. Варианттык тапшырма боюнча билимди баалоо төмөнкүдөй аныкталат:

$$1-\textit{варианттагы максималдык балл} = 4\times 2+3\times 4+2\times 5=30\ \textit{балл}$$

Мисалы, текшерүү үчүн 1-модулдун материалдары боюнча ар бир темадан 1 варианттан турган тапшырмаларды даярдасак, анда ар бир темадан баалоо каражаттарынын фондунда (БКФ) $4\times 1+3\times 1+2\times 1=9$ тапшырма пайда болот. Эгерде 1-модулда 7 тема пландалган болсо, анда БКФ да жалпысынан $7\times 9=63$ тапшырма түзүлгөн болот. Эгерде 2-модулда 8 тема пландалган болсо, анда БКФ га $8\times 9=72$ тапшырма кошулат.

Демек, бир семестр ичинде БКФ дагы деңгээлдик тапшырмалардын саны 135 ке жетет. Ошентип, 1 семестр ичинде 1-деңгээлдеги тапшырмалардын саны – 60 даана, 2-деңгээлдеги тапшырмалардын саны – 45 даана, 3-деңгээлдеги тапшырмалардын саны – 30 даана болот.

Натыйжада 1-модулда коллоквиумдун же жазма текшерүү ишинин жыйынтыгы менен студенттин лекциялык материалдарды максималдык өздөштүрүү деңгээлине берилүүчү балл 30 баллдан ашпайт.

4. Жыйынтыктоочу текшерүү (ЖТ)

Студенттердин билими жыйынтыктоочу текшерүүдө 40 балл менен бааланат. Бирок анын 10 баллы студенттердин окуп-үйрөнүүдөгү иш-аракеттерин активдештирүү максатында сыйлык балл катары берилет. Жыйынтыктоочу текшерүү БКФ нын базасы менен компьютердик тестирлөө методу менен алынат жана 30 балл менен бааланат.

Экзамендеги баалоо модулдардын жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн арифметикалык орточосу менен сыйлык (***C***) баллдардын

суммасы менен аныкталат:

$$Экз = М1 + М2 + ЖТ + С ,$$

мында ***С*** - сыйлык баллдар (4-таблица).

Студенттин активдүүлүгүн жогорулатуу максатында **10 балл «сыйлык балл»** катары төмөндөгү боюнча берилет (Олимпиадаларга, конкурстарга, проекттерге, телеберүүлөргө, илимий-практикалык конференцияларга, коомдук иштерге ж.б. иш-чараларга катышуу)